Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги

“Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети” илимий билим берүү өндүрүштүк комплекси

Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңешинде каралып, бекитүүгө
сунушталган
Протокол № 1
“1” сентябрь 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору, т.и.д.,
профессор
К.Ж.Усенов ____________
“01” ______09______ 2025-ж.

# “ЖАМУнун кесиптик орто окуу жайларынын (КООЖ) билим берүү кызматкерлеринин окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми”

**ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 26.06. 2020-жылы № 8 протоколу менен өзгөртүү кирди**
**ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 18.06. 2021-жылы № 8 протоколу менен өзгөртүү кирди**

**ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 01.09.2025-жылы № 1 протоколу менен өзгөртүү кирди**

ЖАЛАЛ-АБАД – 2025

Жалал-Абал мамлекеттик университетинин №1 бюллетенине тиркеме. “ЖАМУнун кесиптик орто окуу жайларынын (КООЖ) билим берүү кызматкерлеринин окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми”

ЖАМУнун окуу-инспекциялык бөлүмү жана ЖАМУга караштуу КООЖдордун директорлору тарабынан даярдалды.

ЖАМУнун Административдик кеңешинин 2013-жылдын 17-июнундагы №28 протоколунун негизинде басмага сунушталган.

Убакыт ченемине өзгөртүүлөр киргизилип, ЖАМУнун Окмуштуулар кеңешинин 2017-жылдын 28-июнундагы №8 протоколунун негизинде кайрадан бекитүүгө сунушталган.

ЖАМУнун Окмуштуулар кеңешинин 2020-жылдын 26-июнундагы №8 протоколунун негизинде кайрадан каралып, кайрадан каралды

“ЖАМУнун кесиптик орто окуу жайларынын (КООЖ) билим берүү кызматкерлеринин окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми” ЖАМУнун КООЖдордун профессор-окутуучулук курамдын окуу иштерин пландаштыруу нормасын, окуу-усулдук иштерди пландаштыруу илимий-усулдук иштер жана окуу уюштуруу иштерин пландоодо колдонуу үчүн сунушталат.

ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 18.06.2021-жылы №8 протоколу менен өзгөртүү кирди.

**ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 01.09.2025-жылы № 1 протоколу менен өзгөртүү кирди**

## Жалпы жобо

**1.** "ЖАМУнун кесиптик орто окуу жайларынын (КООЖ) билим берүү кызматкерлеринин окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча убакыт ченеми" КРнын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-сентябрындагы, №590 жана 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтомдоруна ылайык, ЖАМУнун "Студенттердин жетишүүсүн жана билим сапатын баалоочу модулдук-рейтинг системасынын жобосу", ЖАМУнун "Академиялык кредиттерди колдонуу менен орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окуу процессин уюштуруу жөнүндө жобо", ЖАМУнун "Кесиптик орто билим берүү уюмдарында билим алуучуларды учурдагы жана орто аралык аттестациялоо жана академиялык кредиттерди колдонуу менен окуу процессин уюштуруу жөнүндө типтүү жобо", ЖАМУнун "Жогорку жана орто кесиптик билим берүү программасынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жоболордун негизинде" окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча «Убакыт ченеми» колледждин окутуучулук курамдын ишин уюштуруунун негизи болуп эсептелет жана жогорудагы токтомдордун негизинде иштелип чыкты

Атайын орто билимдүү адистерди даярдоодо окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча «Убакыт ченеми»-ЖАМУнун алдындагы КООЖдордогу билим берүү кызматкерлеринин ишин пландоо үчүн жана айлык акыларын чектөө максатында окуу, окуу усулдук, илимий жана тарбиялык ишин уюштуруунун негизи болуп эсептелет.

**2.** Педагогикалык окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча «Убакыт ченеми» КООЖдун-окутуучулары арасында ар түрдүү иш аракеттерди максаттуу бөлүштүрүү менен окутуучулардын эмгегин рационалдуу пайдаланышын (окуу, окуу-усулдук, илимий изилдөө, тарбия берүү, коомдук иштерди уюштуруу) жогорку деңгээлде камсыздайт.

**3.** Педагогикалык окуу жүктөмдөрүн пландоо жана эсепке алуу боюнча «Убакыт ченеми» окутуучулардын ишинин көлөмүн калыптоонун базасы болуп эсептелет жана ээлеген кызмат ордун эсепке алуу менен белгилүү окуу планы, илимий-изилдөө иштеринин планы боюнча бардык иш-аракеттердин түрлөрүн аткаруу, окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбия берүүнү уюштуруу жана башка иштердин бардык түрү окутуучулук курам тарабынан жыл сайын түзүлүүчү жекече план боюнча аткарылат.

**4.** ЖОЖдун жана атайын орто кесиптик окуу жайларынын окутуучулук курамынын жумуш убактысынын узактыгы КРнын Эмгек кодекси, ЖАМУнун уставы, анын ичинде кесиптик орто билим берүү мекемелеринин уставында жамааттык келишиминин, эмгек келишиминин негизинде 6 сааттык жумуш күнү эсептелинип, ички эмгек тартибинин эрежелери жөнгө салынат жана окутуучулардын сабак өтүүдөгү жадыбалы жана жекече пландары каралат.

**5.** Окуу жүктөмдөрүн пландаштыруу 36 сааттык жумуш бир жумада ишке ашырылат. Жумуш убактысы белгиленген жылдык бюджеттин тегерегинде жана 6 сааттык жумуш күнүнө негизделет. Ал окуу, окуу-усулдук, илимий-изилдөө, тарбиялык, коомдук иштердин ээлеген кызматына, түзүлгөн иш планына ылайык милдеттүү түрдө аткарылат.

**6.** Жуманын 36 сааттык көлөмүндө окутуучунун аткаруучу милдетине төмөнкүлөр кирет жана ал сааттардын белгилүү көлөмү жекече пландын оң жагына жазылып, пландаштырылат да 36 сааттын ичине кирет.

- Практикалык, лабораториялык сабактарды өтүү, практиканын бардык түрүнө жетекчилик кылуу;
- Дисциплина боюнча жумушчу окуу программаларын иштеп чыгуу жана кошумчаларды, өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- Модулдарды, экзамендерди, мамлекеттик аттестацияны кабыл алуудагы нормаларды киргизүү;
- Студенттердин чыгармачылык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү окутуунун жаңы усулдарын иштеп чыгуу, колдонуу жана жайылтуу;
- Студенттердин өз алдынча иштеринин тапшырмаларын даярдоо, студенттердин билимин текшерүүнүн баалоочу баалоо каражаттардын фондунун формаларын иштеп чыгуу;
- Өз адистигине байланышкан илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү;
- Окуу китептери, монография, окуу-усулдук колдонмолор, ОМК, илимий макалаларды жазып, басмадан чыгаруу;
- Өз багыты боюнча сабак өтүүчү дисциплиналарга ылайык силлабус, окуу программаларын түзүү жана аларды аппробациялоо;
- Республикалык, аймактык, окуу жайлар, колледждер арасында жана бөлүмдүн деңгээлинде өткөрүлүүчү илимий-практикалык, конференция, семинар, симпозиумдарга катышуу;
- Коомдук иштерди аркалоо жана бөлүмгө тиешелүү тайпаларга кураторлук милдетти аткаруу, студенттердин, чыгармачыл коллективдердин иш-аракеттерин колдоо;
- Студенттер арасында маданий, массалык иштерди жүргүзүү.
- Мектептен 9-классты бүтүп келген балдардын ата-энелери менен тыгыз иштөө.
- Университеттеги бөлүмдөрдүн, ректораттын, колледж жетекчилеринин, бөлүмдүн башчысынын коомдук тапшырмаларын аткаруу.

**7.** Окутуучулук курамдын жумуш убактысы эмгек өргүүдөн сырткаркы кышкы жана жайкы каникул мезгилдеринин мөөнөттөрүн эсепке алуу менен эсептелинет. Бул мезгилде университеттин жетекчилиги бекитилген графиктин негизинде окуу жүктөмдөрүнүн убактысынан ашпаган мөөнөткө ылайыктап, педагогикалык жана уюштуруу иштерин аткарууга тарта алат.

**8.** Ар бир окутуучунун окуу-методикалык, тарбиялык иштеринин көлөмү окуу жылындагы колледждин жана университеттин милдеттерин эсепке алуу менен пландаштырылат.

**9.** КООЖдын окутуучулук курамдын жылдык окуу иштеринин көлөмү окуу жылына карата педагогикалык жүктөмдүн бөлүнгөн саатынын негизинде төмөнкүдөй көлөмдө аныкталат.

**10.** Колледждерде ПЦК башчысынын окуу жүктөмү 1,35 ченден ашпайт.

(ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 18.06.2021-жылы №8 протоколу менен өзгөртүү кирди)

| к/№ | Кызмат орундар | Окутуунун түрү | Академиялык саат окуу жүктөм көлөмү | 1 окуу ченемине төлөнүүчү каражат | Окуу-усулдук, уюштуруу-тарбиялык, коомдук иштер | Жалпы | Негизи |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Жогорку билимдүү окутуучу жана магистр академиялык даражасы бар мугалим | Контракт негизде | 720 | 14045 | 1245 | 2325 | КРнын өкмөтүнүн № 181 токтому 30.03. 2022 |
| | | Бюджеттик негизде | 720 | 14045 | 1245 | 2325 | |
| 2 | Бакалавр квалификациясы барлар | Контракт негизде | 720 | 12876 | 1245 | 2325 | КРнын өкмөтүнүн № 181 токтому 30.03. 2022 |
| | | Бюджеттик негизде | 720 | 12876 | 1245 | 2325 | |
| 3 | Орто кесиптик кесиптик билими барлар | Контракт негизде | 720 | 11700 | 1245 | 2325 | КРнын өкмөтүнүн № 181 токтому 30.03. 2022 |
| | | Бюджеттик негизде | 720 | 11700 | 1245 | 2325 | |

**(**ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 18.06. 2021-жылы №8 протоколу менен өзгөртүү кирди**)**

## Окуу иштери

1. Окутуучулардын ишмердүүлүгүнүн негизин окуу иштери түзөт. Ал окуу сабактарынын бардык түрлөрүн пландаштырууну, уюштурууну, өткөрүүнү, окуу материалдарын өздөштүрүү боюнча текшерүүнүн түрлөрүн жүргүзүү, өз алдынча иштердин тапшырмаларынын аткарылышын камтыйт,
2. Сабактардын академиялык сааты кредиттик технологиянын талаптарына ылайык, КООЖдор үчүн бир пара 80 минута деп белгиленет.
3. Бюджеттик негизде 1-курстардын саны КРнын Билим берүү министирлиги тарабынан сунушталып, кабыл алынган пландын негизинде КРнын өкмөтү тарабынан бекитилет. 2-3-курстарда окуу тайпадагы студенттердин саны жетекчилик тарабынан бөлүнгөн каржы көлөмүнүн тегерегинде белгиленет.

4. Келишимдик негизде окуган тайпалардагы студенттердин саны эреже катары 13 студенттен кем болбойт. Университет тарабынан бюджеттик эмес каржылоонун көлөмүнө ылайык аныкталат.

5. Орус жана чет тилдерин(адистикте) окутуу боюнча окуу жүктөмдөрүн аныктоодо студенттердин саны 12-15 адамдан турган кичи тайпаларга бөлүп, окутууга уруксат берилет. Тайпадагы студенттин сан 24 дөн ашпаса кичи тайпага бөлүнбөйт.

6. Лабораториялык сабактарды адистештирилген лабораторияларда өткөрүүдө коопсуздукту сактоо максатында академиялык тайпа 10-15(медициналык, ветеринардык адистиктер үчүн) калган адистиктерде 11-15 адамдан турган кичи тайпага бөлүнөт.

7. Мамлекеттик экзамендерди алууда жана квалификациялык иштерди коргоодо тайпадагы студенттер 15-20 студенттен болот.

8. Медициналык колледжинин клиникалык сабактардын практикалык сабактары кичи тайпаларга бөлүп окутууда студенттердин саны 16 болсо, 8 ден эки группа болот.

9. Бүтүрүүчүлөргө квалификациялык ишке жетекчилик кылуу педагогикалык стажы 5 жылдан кем болбогон окутуучуларга берилет.

10. Практикалык, лабораториялык сабактар, өз алдынча иштерге берилүүчү тапшырмалар жана алардын аткарылышы жогорку денгээлде болушу керек. Колледждерде материалдык-техникалык, окуу-усулдук жактан предметтин камсыздалышы, окутуучулардын квалификациялык деңгээлине байланыштуу болот.

11. Окуу пландагы жалпы сааттан аудиториялык саат 40%, студенттердин өз алдынча иштөөсү 60% көлөмүн түзөт, өз алдынча иштөөнү кабыл алуу атайын жадыбалга коюлуп, ПЦК башчылар тарабынан бекитилип текшерилет.

## Окуу иштерин пландаштыруу нормасы

(ЖАМУнун Окумуштуулардын кеңешинин 01.09. 2025-жылы №1 протоколу менен өзгөртүү кирди**)**

| к/№ | Иштин түрү | Жумуш бирдиги | убакыт ченеми (саат менен) | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 . | Практикалык сабактарды өтүү | 2 акад.саат (пара) окуу планы боюнча | 80 минут | Практикалык, сабак бир тайпага жүргүзүлөт. Орус, англис, немец тилдери кичи тайпаларга бөлүнүп окутулат. |
| 2. | Лабораториялык сааттарды өтүү | 1 акад.саат (пара) окуу планы боюнча | 80 минут | Лабораториялык сабакта тайпа 2 кичи тайпага |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | бөлүнүп өтүлөт. (эгерде тайпадагы студенттердин саны 20дан ашык болсо) |
| 3. | Модулдарды кабыл алуу | 1 студентке ар бир модуль үчүн 0,1 саат (Компьютердик тестирлөөдөн башка учурунда) | | Дисциплинанын адистештирилишине жараша компьюттердик тестирлөөдөн ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен бошотулат |
| | | 1 тайпага ар бир модуль учун (Компьютердик тестирлөө учурунда) | 0,5 саат | Тайпадагы студенттин саны 15 тен ашкан учурда 2 эсе көбөйтүлөт |
| 4. | Студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу жана текшерүү. | 1 студентке | 0,4 саат | Контрактык тайпалар үчүн |
| 5. | Жыйынтык текшерүүнү кабыл алуу (экзамен,зачет) | 1 студентке (Компьютердик тестирлөөдөн башка учурда) | 0,3 саат | Дисциплинанын жараша компьюттердик тестирлөөдөн ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен бощотулат |
| | | 1 тайпага ар бир экзамен учун (Компьютердик тестирлөө учурунда) | 0,5 саат | Тайпадагы студенттин саны 15 тен ашкан учурда 2 эсе көбөйтүлөт |
| 6. | Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык ишине жетекчилик кылуу жана консультацияларды берүү | 1 ишке | 20 саат | Бир окутуучуга 6 студенттен ашыкка квалификациялык ишке жетекчилик кылууга болбойт. |
| 7. | Квалификациялык ишке консультация берүү | 1 ишке | 4 саат | |
| 8. | Мамлекеттик сынактарды кабыл алуу | | 0,5 саат | Комиссиянын |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | (комиссия мүчөлөрү 5 кишиден ашпайт) | 1 студ (компьютердик тестирлөө учурунда бир тайпага )<br><br>Студенттин саны 15 тен ашкан учурда 2 эсе көбөйтүлөт | | төрагасына жана ар бир мүчөсүнө- 1 студентке 0,5 саат. 1 күндө 6 сааттан ашпайт |
| 9. | Мамлекеттик экзамен алдындагы консультация | 1 тайпага | 2 саат | Бир күндө 3 тайпадан ашпайт |
| **Практикага жетекчилик кылуу** | | | | |
| а) педагогикалык багытта | | | | |
| к/№ | Иштин түрү | Жумуш бирдиги | убакыт ченеми (саат менен) | Эскертүү |
| 1. | **Үйрөнчүк практика (бардык адистиктер үчүн) N x кредит** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2 x n | |
| 2. | **Педагогикалык практика( өндүрүштүк) N кредит**<br><br>**Адис окутуучуга:**<br>**Анын ичинен БКМ адистиги үчүн:**<br>- Эне тили<br>- Математика<br>- табият таануу<br>- Сүрөт жана кол эмгек<br>- Дене тарбия<br>- Музыка окутуучу<br><br>- **Педагог окутуучуга**<br><br>- **Психолог окутуучуга** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2 x n<br><br>3,5 саат<br>3,5 саат<br>1саат<br>1 саат<br><br>1 саат<br><br>1 саат<br><br>0,6 саат<br><br>0,4 саат | |
| 3 | **Дене тарбия мугалими адистиги үчүн**<br>**адис окутуучуга**<br><br>- **Педагог окутуучуга**<br><br>- **Психолог** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2x n<br>11саат<br><br>0,6 саат<br><br>0,4 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **окутуучуга** | | | |
| 4 | **Чет тили мугалими адистиги үчүн адис окутуучуга**<br><br>**-Педагог окутуучуга**<br><br>- **Психолог окутуучуга** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2x n<br>11саат<br><br>0,6 саат<br><br>0,4 саат | |
| 5 | **Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча адис окутуучуга**<br><br>**Дене тарбия окутуучуга**<br><br>- **Педагог окутуучуга**<br>- **Психолог окутуучуга** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2x n<br><br>10 саат<br><br>1саат<br><br>0,6 саат<br><br>0,4 саат | |
| 6<br><br>7 | **Диплом алдындагы практиканы өткөрүү N кредит**<br><br>**БКМ адистиги үчүн адис окутуучуларга**<br>- Эне тили<br>- Математика<br>- табият таануу<br>- Сүрөт жана кол эмгек<br>- Дене тарбия<br>- Музыка окутуучу<br><br>- **Педагог окутуучуга**<br><br>- **Психолог окутуучуга** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2 x n<br><br>5 саат<br>4 саат<br>1 саат<br>1 саат<br><br>1 саат<br>1 саат<br><br>0,6 саат<br><br>0,4 саат | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | **Дене тарбия мугалими адистиги үчүн адис окутуучуга**<br><br>**Дене тарбия окутуучуга**<br>- **Педагог окутуучуга**<br>- **Психолог окутуучуга** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2х n<br>12саат<br>1саат<br>0,6 саат<br>0,4 саат | |
| | **Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча адис окутуучуга**<br>- **Педагог окутуучуга**<br>- **Психолог окутуучуга** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2х n<br>13 саат<br>0,6 саат<br>0,4 саат | |
| 9 | **Чет тили мугалими адистиги үчүн адис окутуучуга**<br>- **Педагог окутуучуга**<br>- **Психолог окутуучуг** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2х n<br>13 саат<br>0,6 саат<br>0,4 саат | |
| 10 | **Окуу - тарбиялык мекемелердин жетекчилигине:**<br>Мектеп директоруна<br>Мектеп завучуна<br><br>Предметтик мугалимге (ҮП) N кредит<br>Предметтик мугалимге (ПП) N кредит<br>Предметтик мугалимге (ПДП) N кредит | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2 х n<br><br>0,30 х n<br>0,30 х n<br><br>1,7 х n<br>1,7 х n<br>1,7 х n | |
| 11 | Сырттан окуган студенттерден практиканын иш кагаздарын кабыл алуу<br>(ҮП) N кредит<br>(ПП) N кредит<br>(ПДП N кредит | 1 студентке бардык практиканын түрү боюнча | 0,3 х n<br><br>0,3 х n<br>0.3 х n<br>0,3 х n | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | **б) Педагогикалык эмес багытта** | | | |
| 1 | **Үйрөнчүк практика (бардык адистиктер үчүн) N кредит** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2 x n | |
| 2 | **Өндүрүштүк практика N кредит** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 1 x n | |
| 3 | **Диплом алдындагы практика N кредит** | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 1 x n | |
| 4 | **Өндүрүш жетекчилерине**<br>(ҮП) N кредит<br>(ПП) N кредит<br>(ПДП) N кредит | 1 студентке практика бүткөнгө чейин | 2 x n<br><br>2 x n<br>2 x n<br>2 x n | |
| 5 | **Колледж боюнча практиканын жетекчиси** | Ар бир практика өткөн студентке ошол окуу жылы үчүн 1 сааттан бир жолу | Сырттан окуган студентке 0,25 саат бир жылда бир жолу | |

## Окуу-усулдук иштерди уюштуруу

КООЖдун окутуучуларынын окуу-усулдук иштерин уюштуруу-окуу процессин жогорулатуудагы окутуучулардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу максатын көздөйт жана төмөнкүдөй иш-чараларды өз ичине камтыйт;

## Окуу-усулдук иштерин пландаштыруу нормасы

| к/№ | Иштин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1. | Сабактарга даярдануу:<br>б) практикалык, семинардык сабакка<br>в) лабораториялык сабакка | <br>1 саатка- 2 саат<br>1 саатка - 2 саат | |
| 2 | Жумушчу программаларды түзүү | 1 дисциплинага 20 саат | |
| 3 | Жумушчу программаларды корректировкалоо | 1 дисциплинага 10 саат | |
| 4 | Силлабус түзүү. | 1 дисциплинага 20 саат | |
| 5 | Багыты жана адистиги боюнча билим берүүнүн программаларын иштөө (ОПОП) | 1 программа 50 саат | |
| 6 | Окуу-усулдук колдонмолорду түзүү | 1 колдонмого 50 саат | |
| 7 | Лабораториялык сабактар бонча тапшырмаларды иштеп чыгуу<br><br>практикалык сабактар үчүн тапшырмаларды иштеп чыгуу,<br><br>квалификациялык иштерди жазуу боюнча көтсөтмө. | • Бир предметке 40 саат<br><br>• Бир предметке 40 саат<br><br>Бир көрсөтмөго 30 саат | |
| 8 | Өз билимин өркүндөтүү боюнча курска катышуу (аныктоочу | Жыл ичинде 50 сааттан ашпоо керек | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | документи болсо) | | |
| 9 | Тесттик тапшырмаларды түзүү жана AVN системасына жүктөө. | Бир учурдагы текшерүүгө 10 саат (модулга) | |
| 10 | Окуу дисциплинасы боюнча видео жана аудио каражаттарын даярдоо слайддарды жасоо, видеосабак даярдоо | 1 дисциплинага 50 саатка чейин | |
| 11 | Практиканын<br>- жобосун<br>- программасын<br>- мугалим жана студент үчүн практиканын жол картасын түзүү | <br>30 саат<br>20 саат<br><br>20 саат | |
| 12 | Жумушчу дептерди иштеп чыгуу | 1 жумушка 20 саат | |
| 13 | Студенттердин билимин текшерүүнүн баалоочу баалоо каражаттардын фондунун формаларын иштеп чыгуу | 1 комплектке 30 саат | |
| 14 | Жумуш ордунда окутуунун программасын, тапшырмаларын иштеп чыгуу | 1 предметке 20саат | |
| 15 | Өз ара сабактарга катышуу:<br>Окутуучу<br>ПЦК башчысы<br>Зам директор<br>Директор | 1 академ саатка 1 саат<br>Эки жумасында 1 жолу<br>Эки жумасында 1 жолу<br>жумасына 2жолу<br>жумасына 3 жолу | |
| 16 | Окуу курал, электрондук китеп , окуу китептерин жазып даярдап, басмадан чыгаруу. | 100 саат 1 басма табакка | Окуу-усулдук кеңештин чечими менен |

## Илимий- изилдөө иштери

1. Окутуучуларынын илимий иштери илимий мүнөздөгү жаңы формалар, окутуунун жаңы усулдары, технологиялары менен окутуучуларды методикалык жактан камсыздоо.
2. Илимий-методикалык иштер төмөнкүлөрдү өз ичине камтыйт:

## Илимий-изилдөө иштерин пландаштыруу нормасы

| к/№ | Иштин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1. | Илимий макалаларды, баяндамаларды редактирлөө жана мамлекеттик тилге которуу. | 20 саат 1 басма табак. | Окуу-усулдук кеңештин буйругу менен |
| 2. | Илимий-методикалык, методикалык, илимий баяндамаларды даярдоо жана конференция, семинар, симпозиумдарда доклад жасоо. | 20 саат 1 баяндамага | |
| 3. | Илимий макала жазуу:<br>- Скопус базасына макала жазуу | <br>1 макалага 60 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | - e-library - часов на 1 статью<br>- ЖАМунун Вестнигине<br>- | саат<br>1 макалага 40<br>1 макалага 20<br>саат | |
| 4. | Студентердин илимий иштерине жетекчилик кылуу. | 1 студентке 10 саат | ПЦКнын чечими менен |
| 5. | Илимий-теориялык, илимий-методикалык конференция, семинар, тегерек стол өткөрүү. | 1 иш чарага 5 саат | |
| 6. | Олимпиаданы уюштуруу жана студенттерди даярдоо. | 1 студентке 10 саат | |
| 7. | Илимий иш жазуу:<br>-докторлук иш<br>- кандидаттык иш | 80 саат<br>50 саат | |
| 8. | Илим изилдөө долбоорлорун аткаруу (илимий техникалык кеңешка отчет берүү менен)<br>- Илимий жетекчиге<br>- Аткаруучу үчүн | бир тема үчүн 80 саат<br>30 саат | |

## Коомдук-тарбиялык иштерин пландаштыруу нормасы

Профессор-окутуучулук курамдын коомдук, тарбиялык иштерге катышуусу, уюштуруусу, студенттин жеке өнүгүүсүнө салым кошкон кураторлук иштерди жургүзүүсү, студенттер арасында маданий массалык өнүктүрүүчү иштерди аткаруусу, ЖАМУда өткөрүлгөн бардык иш чараларга катышуусу.

## Коомдук-тарбиялык иштер төмөндөгүдөй пландаштырылат:

| к/№ | Иштин түрү | Окуу жүктөмүнө бөлүштүрүлүшү | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1. | Айлык жүрүштөрдү, декадаларды, предметтер боюнча тегерек столдорду, жолугушууларды өткөрүү. | 1 иш чарага 10 саат | |
| 2. | Студенттер арасында маданий массалык иш чараларды, акцияларды өткөрүү.<br>- Институттун денгээлинде<br>- Колледждин деңгээлинде<br>- Университеттин деңгээлинде<br>- Спорттук иш чаралар | 1 иш чарага 20 саат<br>1 иш чарага 10 саат<br>1 иш чарага 30 саат<br>1 иш чарага 10 саат | |
| 3. | ЖАМУнун, колледждин түрдүү кеңештерине жана дайыма иштеген комиссиясынын мүчөсү болуу. | 30 саат -бир окуу жыл ичинде | |
| 4. | Жаңы аудитория, кабинет, лабораториялык кааналарды жасалгалоо. | бир кааанага 50 саат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Куратордук иш жүргүзүү. | 1 студентке 5 саат. | ПЦКнын чечими менен куратор бекитилет. |
| 6. | Студенттер арасында алардын жеке өнүгүүсүнө, баалуулуктарды түшүнүү жана ишке ашырууга багытталган лекцияларды окуу. | 20 сааттан ашпайт. | |
| 7. | ЖАМУдагы, колледждеги коомдук иштерге катышуу | 20 сааттан ашпайт. | |

**Иштеп чыккандар:**
Алибаев А.П
Уметов Т.Э
Турдубаева Б.М